**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н.К. Шайлдабековага**

Чүй областы,
Панфилов району,
Фрунзе а/о,
Чалдыбар айылы,
Байсейит баатыр көч.№76
А.К.Джапралиевден
т: 0700 31 01 54, 0555 11 85 84

**АРЫЗ**

(Панфилов райондук Аймактык шайлоо
Комиссиясынын 15.11.2024-жылдагы №28 чечимине карата)

Менин арыз жазуумдун себеби, 2024-жылдын 13-ноябрында Панфилов районунун Фрунзе айыл аймагынын Чалдыбар айылында жайгашкан №3 орто мектебинин ичинде Фрунзе айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер Карбосов Марат Бектурович, Умуралиев Дуйшенбек жана Ибраимов Бакыт Ильмаровичтер мектептин администрациясынын уруксаты менен үгүттөө иштерин уюштурган.

Аталган үгүттөө иштеринин мыйзамдуулугун текшерүү үчүн Панфилов райондук прокуратурасына ошол эле күнү арыз менен кайрылгам, райондук прокуратурасы тарабынан мага шайлоо жөнүндө Мыйзамына ылайык жалпы билим берүүчү уюмдардын ичинде жана аларга жакын жерлерде үгүт иш-чараларын жүргүзүүгө, үгүт материалдарын таратууга жол берилбейт деп көрсөтүлгөндүгү жана бул боюнча чараларды Аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан каралат деп көрсөтүлгөн.

Мыйзам боюнча Панфилов райондук аймактык шайлоо комиссиясы жалпы билим берүүчү уюмдардын ичинде жана аларга жакын жерлерде үгүт иш-чараларын жүргүзгөн айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлерге карата катуу чара көрүп, өз демилгеси боюнча талапкерди, талапкерлердин тизмесинен алып коюу жөнүндө чечим кабыл алуусу зарыл болчу.

Бирок ошого карабастан, Панфилов райондук Аймактык шайлоо комиссиясы 2024-жылдын 15-ноябрындагы №28 чечими менен Фрунзе айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер Карбосов Марат Бектурович, Умуралиев Дуйшенбек жана Ибраимов Бакыт Ильмаровичтерге жазуу жүзүндө эскертүү менен чектеп коюшкан.

Панфилов райондук Аймактык шайлоо комиссиясы 2024-жылдын 15-ноябрындагы №28 чечими мыйзамсыз жана негизсиз чыгарылган, мыйзамга ылайык чара көрүүнүн ордуна жазуу жүзүндө эскертүү берип коюп жатышат, ошого байланыштуу аталган чечимди жокко чыгарып, Фрунзе айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер Карбосов Марат Бектурович, Умуралиев Дуйшенбек жана Ибраимов Бакыт Ильмаровичтерди мыйзамга ылайык талапкерлердин тизмесинен алып коюшуңуздарды суранам.

Арыз менин сөзүмдөн туура жана так жазылды:

Арыз ээси: **А.К.Джапралиев**
**16.11.2024-ж.**